**Ders 4** **Өмүр баян жазма**

(Biyografi, otobiyografi yazma)

**Кыргызстан Президенти Сооронбай Жээнбековдун өмүр баяны**

Кыргызстан Президенти Сооронбай Жээнбеков 1958-жылы Ош областына караштуу Кара-Кулжа районунда туулду. Айыл чпрбп институтун бүтүргөн Жээнбеков Советтер Союзу маалында райондук коммунист партиысы секретарлыгы кызматын жана бир совхоз директорлугу кызматтарын аткарды. Үч жолу Кыргызстан Жогорку Кеңешине эл депутаты болуп шайланган Жээнбеков, 2007-жылы Кыргызстандын Айыл чарба Министри казматына дайындалды. Жээнбеков 2007-жылкы элдик көтөрүлүштүн артынан Ош областына губернатор катары жиберилди. 2010-жылкы өзбек-кыргыз кагылыштарынын басылышында өтө маанилүү эмгек сиңирген Жээнбеков, 2015 – жылы Бишкекке кайтып келди да Мамлекеттик Администрация Башчылыгына, кийинчерээк Президенттик Аппараттын Башчылыгына дайындалды.
Жээнбеков Президенттикке талапкер болгонго чейин 14 ай Кыргызстан премьер-министри кызматын аткарды. Шайлоо кампаниясында “Эл бирдиги тубөлүк” ураанын көтөрүп чыккан Жээнбеков, эң башкы атаандашы жаш ишкер Өмурбек Бабановду аз гана добуш менен жеңип, 24.11.2017 де Кыргызстандын 5-Президенти болуп шайланды. Жээнбековдун үй булө жакындары да мамлекеттик жогорку кызматтарда. Бир тууганы Асылбек Жээнбеков Жогорку Кеңеште эл өкүлү, бир башка иниси да элчи кызматын аткарууда.

***Суроолор:*** Жээнбековдун мамлекеттик кызмат тажырыйбасы бар беле?

Жээнбеков кайсы кызматы менен эл алкоосуна арзыган?

Кыргызстан премьер-министри болуп коп жылдар кызмат кылдыбы?

Кыргызстанды шайлоолор адилет өтөт деп ойлойсузбу?

Сиздин оюңузча Жээнбеков президенттик милдетин татыктуу аткарыа жатабы?

**Асан Жакшылыков**

Өмүр баяны

1949-ж. 6-окт. А. Жакшылыков Нарын областынын Нарын районунун Миң-Булак айылында төрөлгөн.
1956-1963 –ж.ж. Куйбышев атындагы мектептен 8 жылдык билим алган.
1963-1968- ж.ж. алгачкы ырлары республикалык басма сөздөргө жарыялана баштаган.
1964-1968 - Фрунзедеги политехникалык техникумдун “Суу чарба жумуштарын механизациялоо” бөлүмүндө окуган.
1968-1970- ж,ж. Тянь-Шань районунун Куйбышев атындагы колхозунда гидротехник болуп иштеген.
1969-ж. “Таңдын ырахаты” аттуу туңгуч ыр жыйнагы “Кыргызстан” басмасынан жарык көргөн.
1970-1976- жж. К.И. Скрябин атындагы мамлекеттик Кыргыз айыл чарба институтунда сырттан окуп “Суу чарба” адистигине ээ болгон.

1970-1976 –ж,ж. Тянь-Шань районундагы  Куйбышев атындагы колхоздо комсомол уюмунун секретары, андан кийин  комсомолдун  Борбордук Комитетинин  жооптуу кызматында иштеген.
1971 –ж  Комсомол уюмдарынын кайра даярлоо  курсунда окуган.
1977- ж. СССР Жазуучулар союзуна кабыл алынган.
1983-1985-ж,ж.  СССР Жазуучулар союзунун  Москвадагы  Жогорку адабий курсунан окуган.
1986- СССР адабий фондусунун Кыргызстандагы  бөлүмүнүн директорлугуна бекитилген.
1989 –ж. Кыргызстан Жазуучулар Союзунун секретарлыгына  пленум дайындаган.
1991-ж. IX- Курултайда  Кыргызстан Жазуучулар Союзунун  Аткаруу комитетинин төрагалыгына бекитилген.
1993- 1995-ж,ж. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо  комиссиясынын мүчөсү.
1999- ж Кыргыз Пен-борборунун жетекчиси.
1999-ж. Асан Жакшылыковдун 5-томдугу жарык көргөн. Автор “ Мээрим” аттуу ыр менен жазылган романдын , “Көкөй кести” пьесанын, “ Макмал Төр” ыр дастандын, “Атадан калган белек” ыр повесттин; “Эстутум”, “Кыргыз жолу”, “Кыргызчылык” эссе трилогиясы, “Учкул саптар” бир томдугу, “Залкарлар жана замандаштар” аттуу сын-макалалар жыйнактары менен окурмандарга кеңири таанымал.  20 ашык поэма-балладалардын, отуздан ашык түрлүү жанрда жазылган китептердин автору.  100 ашык ырларына эстадалык ырлар, романстар, хорлор, балдар үчүн ырлар, обондуу ырлар композиторлор тарабынан чыгарылган. “Манас” дастанын окуп, комментариялап Кыргыз радиосунун алтын фондусуна кабыл алынган. Автордун айрым чыгармалары англис, орус, казак, монгол, украин, өзбек ж.б. тилдерге которулган. Асан Жакшылыков Пушкин, Абай, Р. Тагор, Межелейтис, М. Бсису, Г. Эмин ж.б. айрым чыгармаларын кыргыз тилине которгон.
1979-Кыргызстан Ленин комсомол сыйлыгынын лауреаты.
1996- Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.
2007-ж. Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу.
2007-ж. Кыргыз Республикасынын Элге билим берүү Министрлигинин Билим берүү академиясында эксперт.
2009- ж.ж.  “Манас” эл коомунун төрагасы. Манас трилогиясын А. Жакшылыков тарабынан көркөм окулуп жана баяндалып кыргыз радосунун алтын фондусуна 360 берусу кабыл алынган. “Манас” мыйзамынын доолборун жазышкан, “Манас” жана манасчылар боюнча жылыга көптөгөн иш чараларды өткөруп, ЮНЭСКО го “Манас” үчилтигин каттатууга салымын кошкон.
Асан Жакшылыковдун “ Улуу тоолор” басмасы тарабынан  2014 –жылы  “Алтын доорго арзуу” аттуу бир томдугу жарык көргөн. Бул китепте  “Бишкегим --  жашоо тагдырым” деген публицистикалык  поэмасы жарык көргөн. Бул  поэма “ Бишпек- Фрунзе-Бишкек” аталган борбор калаабыздын  тарыхын кенен чагылдырган кыргыз адабиятыбыздагы баш калаабызга арналган ири чыгармалардын бири болуп эсептелет. Ошондой эле автордун “Комуз жана Домбура” деген обондуу ырында Бишкек шаары дазаланат. Шаардык көптөгөн иш чараларга катышуу менен, Асан Жакшылыков  Айтматов атындагы китепканада Манаска, Ч. Айтматовго,  Акын-жазуучулардын кечелерин талыкпай уюштуруу менен  шаарыбыздын маданий турмушуна өз салымын кошууда.
Асан Жакшылыковдун көптөгөн чыгармалары башка тилдерде которулган. Ал Бүткүл дүйнөлүк акындар Конгрессинин мүчөсү,  Түрксой эл аралык уюмунун медалына татыктуу болгон, Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык уюмдун Алтын медалы менен да сыйланган.

***Тапшырма***. Өзуңөрдун жана жакшы билген бир санатчы же жазуучунун өмүр баянын жазгыла,

**Sözlü ve Yazılı Anlatım Dersi Kaynakları**

Abduldayev E. (1998). *Azırkı kırgız tili.* Bişkek:İlim.
Akdemir R. (2000). *Baldar angemeleri*. (Türkçeden Kırgızcaya çev. Cumakunova, G. , Rahat Razak). Ankara: Diyanet İşl. Başk.Yay. 1- 112s.
Asanaliev Ü. (1964). *Lobnor tilinin grammatikalık kıskaça oçerki*, Frunze,
*Azırkı kırgız adabiy tili.* (2009). Bişkek: KMUİA. -928 b.
Bartold V.V.(1963). *Kirgizı. Soçineniya*. T.2, Çast I., s.509-510. Moskva.
Baskakov N.A. (1960). *Tyurkskiye yazıki.* Moskva.
Batmanov İ.A. (1947). *Kratkoye vvedeniye v izuçeniye kirgizskogo yazıka*. Frunze.
Batmanov İ.A. (1963). *Sovremennıy kirgizskiy yazık*. Frunze.
Cumakunova G. (2002).“Kırgız Türkçesi”. *Türkler Ansiklopedisi*. Ankara:Yeni Türkiye Yay. Cilt 19, s.596-606.
Cumakunova, G. (2005). *Türkçe-Kırgızca Sözlük*. Bişkek: Manas Üniversitesi Yayınları.-1000s.
Karasayev H.K. (1983), Orfografiyalık sözdük. Frunze:KSE
*Keleçektin Eeleri. Añgemeler, Comoktor*. Frunze: Mektep Basması, 1976.
*Kırgız adabiy tilinin grammatikası*. (1980). Frunze: İlim.
Köseoğlu E. (2001). *Tonton Ene.* (Türkçeden Kırgızcaya çev. Cumakunova, G.) Ankara: Diyanet İşl. Başk.Yay. 1-88.
Köseoğlu E. (2003). Veli Aba. (Türkçeden Kırgızcaya çev. Cumakunova, G.) Ankara: Diyanet İşl. Başk. Yay.1-136.
Malov S.E. (1952).*Yeniseyskaya pismennost tyurkov: Tekstı i perevodı*. M.-L.
Oruzbayeva B.O., (1997). “Kirgizskiy yazık”. *Yazıki Mira: Tyurkskiye yazıki*. Bişkek, s.286-289.
Tınıstanov K. (1998). *Kırgız tili.* C.I-II, İstanbul.
Tenişev E.R. (1997). *Drevniy kirgizskiy yazık.* Bişkek.
Yazım Kılavuzu.(2012). Ankara:TDK Yay.
Yunusaliyev B.M. (1971). *Kırgız diyalektologiyası*, Frunze.
Yunusaliyev B.M. (1955).“Problema formirovaniya obşçenarodnogo kirgizskogo yazıka”.*Voprosı yazıkoznaniya,* №2, s.30-41.